«БЕКИТЕМИН»
Ош мамлекеттик университетинин
ректору, физика-математика
илимдеринин доктору, профессор
_______________ К.Г.Кожобеков
«__11__» ____02____ 2022-ж.

**Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык археолог Ю.С.Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы»** аттуу 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин ачык коргоого карата жетектөөчү мекеме болгон Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын

## КОРУТУНДУ – ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу учун жазылган диссертациялык иши илимий жактан абдан актуалдуу темага арналган. Кыргызстан 1991-жылы мамлекеттик көз каранды эместикке жетишкен соң, кыргыз тарыхына жана кыргыз таануу тармагына чоң салым кошкон окумуштуулардын өмүрүн жана ишмердигин жаңыча изилдөө үчүн жаралган шарттар да бар.

Энесайдагы кыргыздар менен Теңир-Тоодогу кыргыздардын тарыхый жалпылыгына, "кыргыз" этнониминин келип чыгышы маселелерине, Энесайдагы жана Теңир-Тоодогу жана аларга чектеш аймактардагы кыргыздардын этностук-маданий, мамлекеттик-саясий, аскердик тарыхына байланыштуу маселелерди, археологиялык, жазма жана башка булактар

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 04-8/23 «14» 02 2022

аркылуу изилдөөнү жалпы Ички Азия, Борбордук Азия жана Түштүк Сибирдеги курал-жарактын өнүгүү тарыхы жана көчмөндөр цивилизациясынын тарыхы менен айкалыштырып иликтеп келген чыгаан инсан – орусиялык археолог жана тарыхчы, Орусия Федерациясынын Илимдер академиясынын Сибир бөлүмүнүн Археология жана этнография институтунун жетектөөчү илимий адиси, Новосибирск мамлекеттик университетинин Гуманитардык факультетинин Археология жана этнография кафедрасынын профессору, тарых илимдеринин доктору, профессор Юлий Сергеевич Худяков (08.12.1947 – 24.12.2021) болуп саналат.

Жогоруда айтылган байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз тарыхынын комплекстүү маселелеринин көпчүлүгү профессор Ю.С.Худяковдун археологиялык, кыргыз таануу, түркология, этнология, курал-жарак таануу, маданият таануу жана башка тармактарды камтыган илимий эмгектеринде ырааттуу чагылдырылган.

Энесай кыргыздарынын этностук тарыхын комплекстүү иликтөөдө профессор Ю.С.Худяков археологиялык, этнографиялык, географиялык, тилдик, жазма маалыматтар менен бирге кыргыздардын фольклордук материалдарын дагы байма-бай колдонгон.

Илимпоз Ю.С. Худяковдун эмгектерин ар тараптуу талдоо менен бирге кыргыздардын байыркы жана орто кылымдардагы этносаясий тарыхын, аскердик тарыхын, социалдык абалын, башка элдер менен болгон дипломатиялык алакаларын, маданий-чарбалык түзүлүшүн жана башка маселелерди тактоо - заманбап кыргыз тарыхнаамасы үчүн актуалдуу зарылчылык болуп саналат.

Коюлган маселенин актуалдуулугу диссертациянын киришүү бөлүмүндө берилип, жетишээрлик деңгээлде аныкталган.

**2. Диссертацияга коюлган талаптардын алкагында иштин илимий жыйынтыктары.**

Диссертант өзүнүн илимий ишинде төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарган:

*1-жыйынтык.* Улам тереңдеген дүйнөлөшүү кырдаалында кыргыз таануу илимий тармактарынын азыркы жана келечектеги өнүгүшү сөзсүз түрдө анын жалпы планетардык масштабда тарых жана гуманитардык илимдердин, жалпы чыгыш таануучулук, жалпы түркологиялык илимий көйгөйлөрдүн органикалык бир бөлүгү катары карала беришин шарттайт.

*2-жыйынтык.* Залкар илимпоз, археолог жана кыргыз таануучу Юлий Сергеевич Худяковдун ата-тегинин тарыхый жагдайларын иликтөө анын кулк-мүнөзү, башынан кечирген турмуштук сыноолор, айлана-чөйрөгө мамилеси, коомдогу макамына карата мамилеси, умтулуулары сыяктуу маселелерди ачып берүүгө өбөлгө түзөт. Ю.С.Худяков советтик археолог жана түркологдордун мыкты мектебин өздөштүрүп, постсоветтик доордо өз алдынча илимий мектеп курууга жетишкен ири окумуштуу катары иштиктүү эмгектенгендиги, анын эмгектерине карата оң сын пикирлер камтылган ири адабият аркылуу айгинеленет.

*3-жыйынтык.* Азыркы мезгилде байыркы жана орто кылымдарда кыргыздардын маданияты тараган аймактарды тактоо жана кыргыздардын Энесайдан Теңир-Тоого жер которуу жолундагы кыргыз эстеликтерин табуу ишин улантуу зарыл. Бул үчүн археологиялык табылгалардан сырткары, этнографиялык, лингвистикалык, фольклордук булактарды да салыштырып изилдөө зарыл. Кыргыз таануу жаатындагы ургаалдуу маселелерди изилдөө кыргызстандык окумуштуулардын жана кыргыз тарыхы, маданияты боюнча изилдөөлөрдү жүргүзгөн башка өлкөлөрдүн илимий борборлорунун кызматташтыгы менен ишке ашырылуусу шарт.

*4-жыйынтык.* 1988-жылдын сентябрында Кыргызстандын борборунда Бүткүл союздук V түркологиялык конференцияда Ю.С.Худяков сунуштаган Кыргыз таануу боюнча эл аралык комплекстүү программанын негизги идеялары дагы эле күчүн жогото элек, ошондуктан ал программаны жаңы шартка ылайыктап жүзөгө ашыруу, эл аралык түркологиялык программанын иш-чараларынын бөлүгү катары ырааттуу колдоого алуу зарыл;

*5-жыйынтык.* Илимде белгилүү болгон бардык тарыхый даректерге ылайык, байыркы доордо жана орто кылымдарда Теңир-Тоодо, Алтайда жана Сибирдин түштүгүндө өздөрүн «кыргыз» деп атап, калган башка элдерге дал ушул ат менен гана таанылып, белгилүү болгон түрк тилдүү эл жашаган, деген Ю.С.Худяковдун бүтүмү башка кесиптештеринин колдоосуна ээ.

*6-жыйынтык.* Кыргыз таануунун эң бир көйгөйлүү бөлүгү болуп Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук жана этномаданий жалпылыктары тууралуу маселе эсептелет. Ю.С.Худяков Энесай кыргыздары менен Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук, этномаданий жалпылыктары бир деген көз карашын илимий негизде далилдей алган илимпоз.

*7-жыйынтык.* Профессор Ю.С.Худяков кыргыздардын аскердик тарыхын тактоодо байыркы жана орто кылымдардагы жазма булактардын, археологиялык изилдөөлөрдүн маалыматтарын, тарых жана тил илимине байланыштуу илимий монографиялар менен катар калктын тарыхый эс-тутумунда сакталган фольклордук маалыматтарды кылдат пайдаланып, изилдөөлөрдү жүргүзгөн;

*8-жыйынтык.* Профессор Ю.С.Худяков кыргыз элинин аскер ишин жана курал-жарактарын изилдөөдө "Манас" эпосундагы маалыматтар менен археологиялык табылгаларды таасын салыштырып колдонгон. Ю.С.Худяков кыргыздардын аскер өнөрүн жана курал-жарактарын гана изилдебестен, археологиялык табылгалардын негизинде кыргыз жоокеринин орто кылымдардагы сөлөкөттөрүн жашаган доорлоруна жараша реконструкциялаган. Бул ыкма – тарых жана кыргыз таануу илимдери үчүн өтө маанилүү.

**3. Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун) корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

Изденүүчү диссертациялык изилдөөсүндө булак катары колдонгон маалыматтарын системага келтирген жана аларды талдоодо, теориялык жактан жалпылоодо тиешелүү илимий усулдарды, ыкмаларды пайдаланган. Коргоого сунушталган жоболор менен чыгарылган тыянактар объективдүү,

далилдүү маалыматтарга негизделген. Ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө илимий принциптер жана ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ийгиликтүү ишке ашырууда өбөлгө болгон.

Каралып жаткан иштин илимий жыйынтыктарынын негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли катары төмөнкү жыйынтыктарды белгилеп кетүүгө болот.

1. Профессор Ю.С.Худяковдун мыкты окумуштуу – кыргыз таануучу болуп калыптанышына илимий мектептен сырткары ата-тегинин, үй-бүлөсүнүн таасири тийген.

2. Байыркы жана орто кылымдарда ар кыл чөлкөмдөрдө байырлаган кыргыздардын тарыхы боюнча айтылган Ю.С.Худяковдун илимий көз караштары жана тыянактары илимий жактан негиздүү;

3. Ю.С.Худяков “кыргыз” этноними жаатындагы өз бүтүмдөрү жана орто кылымдардагы Энесай тарыхы үчүн “хакас” этноиминин профессор Л.Р.Кызласов тарабынан “байыркы этноним” катары бир беткей көз караштын таңууланышын ырааттуу сынга алуусу аркылуу “кыргыз” этноними жаатындагы орус тилдүү илимий чөйрөдөгү талкууда объективдүү турумду калыптандырууга зор салым кошкон;

4. Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук-маданий, тектик жалпылыгын профессор Ю.С.Худяков ишенимдүү тарыхый-географиялык, археологиялык, лингвистикалык булактардын негизинде талдап айгинелөөгө жетишкен.

5. Кыргыздардын жана башка көчмөн этностордун аскер өнөрүн, курал-жарактарын изилдөөдөгү профессор Ю.С.Худяковдун саамалыктары Евразия тарыхын заманбап изилдөөдөгү, айрыкча, Евразиядагы көчмөндөр цивилизациясынын өнүгүүсүндөгү урунттуу жагдайларды иликтөөдөгү ар тараптуу мамиле болуп саналат.

6. Профессор Ю.С.Худяков Кыргыз каганаты доорундагы кыргыздардын аскер иши, аскердик өнөрү, курал-жарактарынын өнүгүшү, журт которуулары боюнча археологиялык жана этнологиялык маалыматтарга негизделген илимий жоболорду калыптандырып, илимий мектепти (анын ичинде анын Кыргызстандагы бөлүмүн) түзүп, анын өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн.

**4. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигинин баалоо.**

Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин диссертациясынын илимий жыйынтыктары, корутундусу жана практикалык сунуштары диссертациялык иштин максаты жана милдеттеринен келип чыккан жоболорго жооп берет. Автордун жекече салымы катары илимий изилдөөнүн жүрүшүндө каралып жаткан маселенин бардык аспектилери, чогултулган материалдар системага келтирилип комплекстүү түрдө иликтенген. Пикирибизде, диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгарылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген деп саноого болот.

**5. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштуу толуктугун ырастоо.**

Диссертациялык иштин мазмуну боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талабына ылайык рецензияланган илимий басылмалардагы 22 макалада жарыяланган. Анын ичинен 5 макала чет өлкөлүк илимий басылмаларда (РИНЦ) жарыяланган. Жарык көргөн эмгектери упайынын (баллынын) көлөмү боюнча жеткиликтүү 154 өлчөмгө ээ болуп, диссертациянын мазмунуна туура келет жана Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы койгон талаптарга жооп берет.

**6. Авторефераттын мазмунунун диссертациялык иштин мазмунуна дал келүүсү.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна толугу менен туура келет. Авторефераттын мазмунунда диссертациянын текстиндеги материалдар

чагылдырылган. Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талабына ылайык кыргыз, орус, англис тилдеринде диссертациялык иштин кыска резюмеси берилген.

**7. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши жогоруда белгиленген жетишкендиктер менен катар айрым бир мүчүлүштүктөргө ээ болгондугун белгилеп, изденүүчүгө төмөндөгүдөй сын пикир жана сунуштар берилет:

1. Диссертациялык изилдөөнүн илимий обьектиси болгон профессор Ю.С.Худяковдун көзү өткөндүгүнө байланыштуу, диссертациянын кол жазмасындагы айрым маалыматтарды өткөн чак менен берүү керек.
2. Диссертациянын кол жазмасынын кээ бир беттеринде пунктуациялык жана техникалык мүчүлүштүктөр кетирилгендиктен кол жазманы редакциялап чыгуу зарыл.
3. Колдонулган адабияттардын тизмесин талапка ылайык ирээтке келтирүү керек. Негизги адабияттарга авторефераттар, илимий макалалар кирип калган.

**8. КР УАКтын диссертацияларга койгон талабына жооп бериши.**

Диссертациялык иш илимий теоретикалык жана методологиялык жагынан жетиштүү деңгээлде жазылып, кыргыз тарых илиминде өз алдынча аткарылган илимий эмгек болуп саналат. Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасы “Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы” деп аталган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына жооп берет жана изденүүчү Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичти 07.00.02 - Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Корутунду пикир Ош мамлекеттик университетинин «Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология» кафедрасынын 2022-жылдын 11-февралында кезексиз өткөн атайын отурумунда талкууланды (протокол № 5).

**Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси:**

Тар.и.д., профессор Нурунбетов Б.А., тар.и.к., профессор Кадыров Т.Д., тар.и.к., доценттер Арстанов С.А., Шаанов Т.М., Смадияров С.А., Сатыбалдыева Ч.Т., Султанова М.Ш., Апышева А.К., Осмонова С.К., Жумашова Г.С., Ташмаматов О.А.

Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан
тарыхы жана археология жана этнология
кафедрасынын башчысы, т.и.к., доцент: Шаанов Т.М.

Ош МУ
Тастыктаймын
20___ж. «____»__________
Кадрлар бөлүмүнүн
башчысы Турдубаева Г.